"Филология" Прораммасынын жетекчиси Э.Р.Раимбекованын 2025-жылдын 1- жарым жылдыгы үчүн береген

ОТЧЕТУ

1. **Окуу иштери:** Окуу графиги менен мугалимдерди тааныштыруу , 2024-2025 - окуу жылына карата даярдык, окуу пландарын жаңыртуу, окуу жүктөмүн бөлүштүрүү, расписание макулдашуу иштери сентябрь айында жүрдү. 2024- жылдын сентябрында 2- курстар үчүн дуалдык окутуу боюнча жаңы иштелип чыккан дуалдык окутуу боюнча программа менен башташты.

1.1. **Программанын профессорлук-окутуучу курамы:** "Филология" Программасында жалпы 1- жарым жылдыкта штатта 1 ЧУнун профессору, штатта 3 илимдин кандидаты, айкалыштырып иштеген 3 илимдин кандидаты, 4 ага окутуучу жана 2 окутуучу эмгектенип, Программанын курамы жакшырган.

1.2. **Отурумдар:** Жарым жылдыкта Программанын отуруму 4 жолу, ал эми окуу-методикалык комиссиянын отуруму 1 жолу өткөн.

1.3. **Окуу процессин уюштуруу:** Окуу процесси үзгүлтүксүз жүрдү. Форматы оффлайн, онлайн болуп гибриддик форматта өттү. Индивидуалдык окуу планы менен 2- жарым жылдыкта орус тили жана адабияты багытынын 4- курсунун, Ф-1 22 тайпасынын студенти Жумабай кызы Айзада жашаган жеринин алыстыгына байланыштуу, чет тили багытынын 4- курсунун ФА -1- 22 тайпасынын студенти Сагынбек кызы Айзада ден соолугунун начарлашына байланыштуу окуп жатышат.

1.4. **Программанын ресурстук камсыздыгы:** "Филология" Программасына 3 кабинет бөлүнгөн: 107, 216, 217. Бул кабинеттер толугу менен жасалгаланган жана 216-кабинетке окуу жай тарабынын электрондук такта тагылганы турат.

1.5. **Сааттардын аткарылышы**: "Кыргыз тили жана адабияты" багыты боюнча 3-семестрде 900 саат; 5- семестр - 1020; 7-семестр -900, жалпы 2820саат аткарылды.

"Орус тили жана адабияты" багыты боюнча 3- семестр - 932; 5-семестр -900; 7-семестр -900, жалпы -2732 саат аткарылды.

"Чет тили" багыты боюнча 3- семестр -932, 5- семестр -900, 7- семестр - 900, жалпы 2732 саат аткарылды.

**2. Окуу-методикалык иштер:**

бөлүнгөн: 107, 216, 217. Бул кабинеттер толугу менен жасалгаланган жана 216-

2.1. **Профессорлук-окутуучу курамдын квалификациясын жогорулатуучу курстарды** окуусу боюнча, доцент Раимбекова Э.Р. жасалма интеллект боюнча курстан өттү. .

2.2. **Окуу-методикалык иштердин жылдык планын иштеп чыгуу жана бекитүү:** Программанын окуу-методикалык иштердин жылдык планын иштелип чыгып, ага окутуучу Субанбекова Айгүл Мидиновна жетекчи болуп дайындалды. Жалпы жыл ичинде 5 жолу отурум өткөрүлөт.

2.3. **Иш берүүчүлөр менен окуу пландарын карап чыгуу максатында тегерек стол өткөрүү:** окуу жылынын ичинде Программанын окуу пландарын карап чыгуу максатында 2025-жылдын март айына пландаштырылды.

2.4. **2024-жылдын 3- октябрында С.Мамбеткалиев атындагы Чүй университенинде Мамлекеттик тилдин 35 жылдыгына арналган 3 айлыктын алкагында " Мамлекеттик тилдин келечеги- улуттун келечеги" аттуу тегерек стол болуп өттү.**

Тегерек столду "Филология" Программасы уюштуруп, 2023-жылдын 17-июлундуга № 140 Токтомдун негизиндеги мамлекеттик тил жөнүндөгү Конститутциялык мыйзамдагы орунттуу беренелердин презентациясы көрсөтүлдү.

ЧУнун ректору Ч.С.Мамбеткалиева, окуу жана илим боюнча проректору Н.И.Тагаева университетте болуп жаткан жана келечекте аткарыла турган мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча программа менен тааныштырышты.

Чакырылган коногубуз Бишкек шаарынын Капиталдык курулуш башкармалыгынын мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча башкы адис-лингвист эксперти Эгешова А.З. "Кыргыз тилин мамлекеттик мекемелерге жайылтуу иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү маселелери" деген темада доклад окуду.

А.Осмонов атындагы № 9 шаардык китепкананын жетекчиси Ч.О.Орозалиева Бишкек шаарындагы китепканалардагы мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар боюнча маалымат берди.

Иш-чаранын жыйынтыгында Бишкек шаарынын Капиталдык курулуш башкармалыгынын мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча бөлүм менен

окуу жайыбыздын ортосунда котормо иштери боюнча бир нече жолугуулар өтө турганы белгиленди.

2.5 2024-жылдын 1- жарым жылдыгында Программада 2 ачык сабак уюштурулду: п.и.к., доцент Токтоналиева К.К. орус тили багытындагы 3-курстун студенттери үчүн " Инновационные методы в обучении" деген темада ачык саат өтүп берди.

2024-жылдын 11- декабрында С.Мамбеткалиев атындыгы Чүй университетинде 2024-2025- окуу жылынын иш-чаралардын планына карата жана залкарларды эскерүүгө арналган "Айтматовдун чыгармалары адамзатты гумандуулукка чакырат" аттуу ачык-саат-диспут болуп өттү.

Бул сабак "Филология" жана "Педагогика" Программалары үчүн айкалышкан сабак катары өткөрүлдү. Ачык сабакты филология илимдеринин кандидаты, доцент Таштемирова Р.И. жана ЧУнун профессору Кыдыкбаева У.С. өткөрүштү.

Студенттер Ч.Айтматовдун "Ак кеме", "Жамиля", "Кылым карытар бир күн" сыяктуу чыгармаларындагы адамды нравалык жактан ойготкон, гумандуулукка чакырган проблемаларын кызуу талкуу жүргүзүп, угушту.

Сабактын коногу, белгилүү режиссер М.Атаналиев өзүнүн Ч.Айтматовдун чыгармаларына арналган "Эсимде" аттуу фильмин коюп берди.

3. **Илимий-изилдөө иштери:**

1. Көркөм адабият жана металитет.
2. Дуалдык окутуунун концепциясы.
3. Мугалимдердин кесиптик денгээлин жана педагогикалык чеберчилигин үзгүлтүксүз жогорулатуу сыяктуу темалардын үстүндө иш алып барат.

**3.1. Илимий-изилдөө иштеринин планын бекитүү:** илимий иштердин планы сентябрь айында бекитилип, план менен иш алып барып жатабыз. Алсак, доценттин м.а. Таштемирова Р. "Хрестоматия" даярдап, Программанын отурумунан өтүп, окумуштуулар кеңешине берилип, басмага даярдалып жатат. "Түркчө чыгармаларды кыргызчага которуу маселелери" темасынын үстүндө иш алып барат. Ага окутуучу

Субанбекова Айгүл кандидаттык диссертациясын жактоо алдында турат. Доцент Исмаилова Айкүмүш А.Акматалиевдин чыгармачылыгы деген илимий теманын үстүндө иш алып барат. Доцент Тажибаева У.К. “ Дене тарбия багытындагы студенттерге кыргыз тили жана адабиятын кесипке багыттап окутуунун методикасы” деген докторлук иштин темасын бекиттирген. 2024-ж. 04.10. ”Обучение профессиональным терминам национального конного спорта студентов физической культуры и спорта” аталышта 7-Эл аралык илимий-практикалык конференцияда доклад окуган. “ЖОЖдогу мамлекеттик тил маселелери” форумдун катышуучусу. 24.10.2024-ж. “Амоношвилинин жогорку мектеби” семинардын катышуучусу Казакстан 14.10.24.

3.2. **Курстук иштердин темаларын бекитүү:** Программанын 3 - курстары үчүн курстук иштердин темалары иштелип чыгып, 2024- жылдын № 3 отурумунда бекитилди. Жалпы 3 багыт боюнча тема берилди.

3.3. **Дипломдук иштердин темаларын бекитүү:** Программанын 4 - курстары үчүн курстук иштердин темалары иштелип чыгып, 2024- жылдын № 3 отурумунда бекитилди. Жалпы 3 багыт боюнча тема бекитилди.

4. **Тарбиялык иштер:**

4.1. **Тарбиялык иштердин планын иштеп чыгуу жана бекитүү:** 2024- жылдын сентябрь айында тарбиялык иштердин планы иштелип чыгып, бекитилди.

1. 2024- жылдын 23-сентябрында С.Мамбеткалиев атындагы Чүй университетинде мамлекеттик тилдин 35 жылдыгына арналган жумалыктын ачылышы болуп өттү.

Университеттин ректору Ч.С.Мамбеткалиева, ЧУнун профессору Кыдыкбаева Ү.С., филология илимдеринин кандидаты Мурасартов Б.А. жана филология илимдеринин кандидаты Исмаилова Айкүмүш Аксы конокторду жана студенттерди “23-сентябрь -мамлекеттик тил күнү” менен куттукташты.

Чакырылган коноктор КРнын эмгек сиңирген артисти Алтынай Нарбаева, КРнын эмгек сиңирген артисти Бактыгүл Бокоева, маданияттын мыкты кызматкери Элзар Осконбаева жана Б. Эдигеев атындагы “Арашан” тобунун солисттери ыр майрам куруп, жаркын маанай тартуулашты. Ошондой эле СССР жазуучулар союзунун, КРнын

жазуучулар союзунун мүчөсү, прозаик, акын Керез Зарлыкова кадырлуу конок болуп, өз ырларын окуп берди.

2. 2024-жылдын 25-сентябрында С.Мамбеткалиев атындагы Чуй университетинде мамлекеттик тилдин 35 жылдыгына арналган жумалыктын алкагында “Кыргыздын керемет ыргактар”аталышындагы адабий кече болуп өттү. Кеченин көркүн Кыргыз Эл акыны Надырбек Алымбеков, акын-жазуучу Турдакун Сапарбаев ачып, эл-жерди сүйүү темасындагы ырларын окуп, студенттердин көңүлүн эргитишти. Ал эми кинорежиссер Мухтар Атаналиев Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына арналган “Эсимде” фильмин көрсөтүп, комуздун жана гитаранын коштоосунда чыгармаларын аткарып берди. Кеченин аягында С.Мамбеткалиевдин, Чүй университетинин окутуучуларынын жана китепканага жаңы түшкөн эмгектер коюлган китеп көргөзмөсү болду.

3. 26-сентябрь күнү студенттердин эссе жазуу жана жат жазуу конкурстары өткөрүлдү.

“Сабаттуу бол!” жат жазуусуна “Китеп, бир ууч үрөн, бир кумара суу” (186 сөз) деген текст тандалып алынган.

Жыйынтыгында: Абдираева Н., 2-курс, Кабылов Б., 3-курс, Семетеева А., 1-курс, Алмасбекова А. 1-курс, Самарбек к. Л. 2-курс, Султанова А. 3-курс, Нурлан к. А. 3-курс, эң жакшы жазгандыгы үчүн сыйлыкка көрсөтүлдү.

“Кыргыз тилим- менин дилим” аттуу эссенин жыйынтыгында Семетеева А., 1-курс, Уланова М., 2-курс, Самарбек к.Л. 2-курс, Абдираева Н. 2-курс, Кабылов Б., 3-курс, Чолпонбай к. А. 3-курс,Темиралы к. Самара, 3-курс,Идирисова А. 3-курс сыйлыккка татыктуу болушту.

5. 26-сентябрь күнү студенттер Бишкек шаардык А.Осмонов атындагы китепканага “Салт-санаа жана нарк” аттуу иш-чарага катышып келишти.

6. 27-сентябрь күнү ага окутуучу Раимбекова Э.Р. жана окутуучу Алымбекова А. Жетекчилиги менен 1-2- курстардын студенттерине котормо боюнча мастер-класс өткөрүлдү. Анда бир макаланын тексти жана А.С.Пушкиндин “ Няня” деген ырын которууга берилди. Жалпы студенттер абдан ынтызарланып, которуу ишине катышып беришти.

7. Мамлекеттик тилдин 3 айлыгынын алкагында 1-октябрь –Карылар күнүнө карата университеттин жана колледждин окутуучулары жана студенттери Чүй районунун Кегети айылына барып, О.Исаев атындагы мектептин ардагер мугалимдерин мамлекеттик тилдин күнү жана карылар күнү менен куттуктап, концерттик программа коюшту. С.Мамбеткалиевдин эстелигине гүл коюу аземинен кийин ишембилик кылып кайтышты.

8. Мамлекеттик тилдин 35 жылдыгына карата С.Мамбеткалиев атындагы Чүй университетинин "Филология" жана "Педагогика" Программалары уюштурган "Акындар менен баарлашуу" адабий кечеси болуп өттү.

Адабий кеченин куттуу коногу кыргыз Жазуучулар союзунун мүчөсү акын, журналист Бурулкан Карагулова болду.

Анын чыгармалары жана макалалары "Учкун", "Көктөм" аттуу альманахтарга, республикалык, облустук, райондук гезит-журналдарга жарыяланып келген.

Акын эжекебиз өзү тарбиялап жүргөн акындары менен патриоттук темадагы эл-жерди сүйүү, эне тилге арналган ырларын студенттерге көркөм окуп беришти.

9. Ар бир ишемби күнү университеттин территориясын тазалоо жана Президенттин указын аткаруу максатында ишембиликке чыгып турушту.

10. 1-октябрь-карылар күнүнө карата Кегети айылындагы орто мектептин ардагер мугалимдерин концерттик программа менен куттукташты.

11. Ноябрь айынын 17синде "Студенттердин Эл аралык күнүн" БКЧУнун студенттери менен бирге концерттик программа жана баалуу белектер берилип, белгиленди.

12. Программанын студенттери БКЧУнун студенттери менен бирдикте 2024-жылдын 10- декабрында А.Осмонов жана Ч.Айтматовго арналган "Талантка таазим" аттуу кечеге студенттер А.Осмонов ат-гы Бишкек шаардык №9 китепканадагы иш-чарага катышып келишти.

Программа жетекчиси : Раимбекова Э.Р.